# ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИКТИН СОТУ

## КОНСУЛЬТАТИВДИК КОРУТУНДУ

2017-жылдын 30-октябры Минск шаары

Евразиялык экономикалык бирликтин Сотунун Чоң коллегиясы:

төрагалык кылуучу А.А. Федорцовдун,

баяндамачы-судья Г.А. Скрипкинанын,

судьялар А.М. Ажибраимованын, Э.В. Айрияндын, Ж.Н. Баишевдин, Д.Г. Колостун, Т.Н. Нешатаеванын, В.Х. Сейтимованын, А.Э. Туманяндын, К.Л. Чайканын курамында,

соттук отурумдун катчысы Б. Назарова болгон

иштин материалдарын изилдеп, баяндамачы-судьяны угуп,

Евразиялык экономикалык бирликтин Сотунун Статутунун 46, 50, 68, 69, 73, 96, 98-пункттарын, Евразиялык экономикалык бирликтин Сотунун Регламентинин 72, 85-беренелерин жетекчиликке алып,

2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимдин жоболорун түшүндүрүп берүү жөнүндө Евразиялык экономикалык комиссиянын арызы боюнча төмөнкү Консультативдик корутундуну берет.

### I. Арыз ээсинин маселеси

Евразиялык экономикалык комиссиясы (мындан ары – арыз ээси, Комиссия) Евразиялык экономикалык бирликтин Сотуна (мындан ары – Сот) 2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимдин (мындан ары - Келишим) 29-беренесинин жоболорун түшүндүрүп берүү жөнүндө арыз менен кайрылган.

Арызда Комиссия тарабынан Евразиялык экономикалык бирликтин (мындан ары – Бирлик) укугуна кирген, Бирликтеги ички рыноктун иштешине тиешелүү эл аралык келишимдердин аткарылышынын мониторингин жана контролдоону жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө Бирликке мүчө мамлекеттердин товарларды өз ара соодалоодо чектөө чараларын киргизүү бөлүгүндө Келишимдин 29-беренесинин жоболорун чечмелөөгө жана колдонууга карата ар кандай мамилелер табылгандыгы көрсөтүлгөн, атап айтканда: